Өзгөн райондук БЧБнун
директору У.Абжапаровага
Ж.Маматжанов атындагы
№58 орто мектебинин тарбиялык
иштеринин уюштуруучусу
Солпуева Сабилеттин
2020-2021- окуу жылындагы аткарган
иштери боюнча

# М а а л ы м а т.

2020-2021-окуу жылынын баштальшында «1-сентябрь –Билим күнүнө» карта берилген тарбиялык сааттарды 1-класстарга мектепте өткөрүлдү, калган класстарга онлайн дистанттык түрдө тарбиялык сабактар өткөрүлдү.
Кыргыз тил жана адабияты сабагынын мугалими- Токтосунова Акмарал окуучулар менен биргеликте «Кыргыз тили-улуу тил » зуумдан онлайн түрүндө Мамлекеттик тилдин 31 жылдык майрамына карата конференция өттү. Класс жетекчилер тарбиялык сабактарды түрдүү программада жасалма сабактарды Токтомушова С. Чолукова М. Сыргабаева Д. Примбердиева Ж. Арыкбаева Ж. Мурзакматова Т.Мурзакматова Айгулдөр өтүштү.
Мектептин ачылышында ар бир мугалим өз кааналарын жасап , окуучуларды жаңы мектептин ачылышы менен куттукташты. Мектептин ачылуу аземине ,Ош облусунан, Райадминмстрациядан өкүлдөр , РайБББ башчысы А.Ү.Бакышев агайлардын катышуусу менен ата –энелер,аксакалдар ак батасын ,белектерди берүү менен биздин сүйүнүчүбүзгө ортоктош болуп куттуктап ачып беришти.
«Карысы бардын- ырысы бар» демекчи карылыр күнүнө ватсаптан сабактарды жөнөтүп , куттукташты.
Мугалимдик кесип ээлерин да ар кандай вариантта куттукташты.
Күз майрамдарын дагы онлайн сабакта өтүп , ар түрдүү жемиштерден кооз көргөзмөлөрдү өткөрүштү.
Ар бир мугалим класстан тышкаркы аткарган иштерин иншот , твиенти классруум , зуумдан мисалы «Убакытты максатка ылайык колдонуңуз» А, Токтосуновалар өткөрүп жатышат.
Буйруктарды аткарууга алып Коронавирустан сактануу жолдорун окуучуларга , ата-энелерге түшүндүрүү иштерин класс жетекчилер: повер поинт,ватсап, иншот,тривенти программалары аркылуу маалымдап турушат.
Ал эми 1-класстарга өздүк аптечкалар уюштурулган, дезинфекцияланып турат.
Класс жетекчилердин 1-чейректеги аткарган иштери портфолиолорун тапшырган мугалимдер: Примбердиева М, Жоробаева У, Сыргабаева Д, Нуржанова М,Адылбекова Ж, М Чолуковалар болушту.
Каникулда жол эрежесин сактоону, китеп окууну , ар тараптан өз билимди өнүктүрүү боюнча изденүү жолдорун кдасс жетекчилер ватсап аркылуу жеткирүүдө.
Экинчи чейректин башында окуучулардын , мугалимдердин , техкызматкерлердин ден соолугунун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, дезинфекцияланып , ар бир жаран антисетиктер менен беткап менен келүүсүн класс жетекчилерге милдеттендирилди.

Сканировано с CamScanner

МЖУнун катарына "Манаска" -10, "Семетейге"- 22, "Сейтекке"- 33 окуучулар онлайн түрүндө кабыл алдык.

Күз, "Менин –Мекеним " , Ч.Айтматовдун чцыгармачылыгы жана баскан татаал турмуштун оош-кыйышта алдын ала табияттка катаал мамиле жасап жаткан адам баласынын турмуштагы мамилеси тууралуу сынактарга кара сөз менен катышкан окуучулардын сынагын Примбердиева Мээрбан өткөрдү. Ачык сабактарды Токтосунова А, Чолукова М ,Адылбекова Жаныллар окуучулар менен биргеликте тарбиялык сааттардын түрлөрүн өтүштү. Тарых мугалими - Мамытов " Сен укугуңду билесиңби" деген темада тегерек стол өттү.

Кылмыштуулуктун , Зордук-зомбулуктун, Суициддин , рекетчиликтин , диний экстремизмдин алдын алуу боюнча ИДН менен ата-энелер , окуучулар менен биргеликте түшүндүрүү жыйынын өттүк.

"3-декабрь-Майыптар күнү, СПИД-жугуштуу оору –сактануунун жолун билгиле" суроо –жооп, түшүндүрүү сабагын бардык класстын класс жетекчилери аткарышты.

"Мен- ден соолугумду чыңдайм , спорт ден соолукту чыңдайт " дене тарбия сабагынан класстан тышкаркы сабактарды аралыкты сактоо менен өткөрүштү. "Энелер мектебинин " сабактарын зуумда ватсапта , аралыкты сактоо менен сабактарды өткөрүшүүдө.

Мугалимдер арасында декадалар , семинар сабактар өткөрүлүүдө.

Жазган мектептин тарбиялык иштерди уюштуруучусу- Солпуева Сабилет.

Сканировано с CamScanner

Өзгөн райондук БЧБнун
директору У.Абжапаровага
Ж.Маматжанов атындагы
№58 орто мектебинин тарбиялык
иштеринин уюштуруучусу
Солпуева Сабилеттин
2020-2021- окуу жылындагы
жылдык (2-жарым жылдык)
аткарган иштери боюнча

# Маалымат.

"2020-2021-жылдын 2-жарым жылында Ж.Маматжанов атындагы №58 орто мектебинин жалпы МЖУнун жана класс жетекчилердин , окуткан предметтик мугалимдеринин аткарган иштери:

"Ден соолук –жашоонун ырахаты" демекчи ар бир инсан өз ден соолугун сактоо керектигин күн сайынмаалымат берип, тарбиялык сааттарды " Бул оору (Коронавирус ) – өтө коркунучтуу , бирок сактансаң боло", "Коронавирустан сактан" ж.б темаларда Жоробаева У, Сыргабаева Д, Токтосунова А. Адылбекова Жаңылдар өтүштү.

Жугуштуу оорулардын алдын алуу жана тарбиялык багыттар боюнча райондук семинар болуп , анда 4-а класстын класс жетекчиси " Туура тамактануу жолдору", 5-а кл.жетекчиси "Сактансаң беткапты тагып, ереже сакта", 10-класс "Айлана чөйрөдөгүлөр менен жакшы мамиледе болуу", 11-класс " Ийгиликке карай бир кадам" Примбердиева Мээрбан райондук газетага чыгарууну сунушташты.

"Кырк чоро-2021" сынагына мектепте өткөрүп зоналдык турга катышкан жокпуз, себеби МЖУнун жетекчилер жаңы болгондуктан.

"Түркүн баштыктар" мектептен Ысмайылова Аяна жана Саматова Акмөөр болду жетекчиси Мамасадыкова Бурул.

"Мен Кыргызстандык экендигиеме сыймыктанам" аттуу зоналдык сынакка Бийден – Азамат кызы Асылзат, Жеке ырдан - Аманов Шерхан грамоталарга татыктуу болуп , райондук турга катышып келишти.

Ооган согушунун ардагерлери менен жолугушуу өткөрүлүп, МЖУнун катарына окуучуларды кабыл алдык " Эрдик сабагы" буйругуна "Эч ким унутулбайт" аскердик жана спорттук жарыштарды өтүштү.

"Эне-баарыбызга жарык нур берип турат" сынак жаш мугалимдер окуучулар менен биргеликте өтүп, Касымжан кызы Жумакан 1-орунга ээ болду.

Жаратылышты сактоо айлана чөйрөнү тазалоо жана "Мектеп – биздин жалпы үйүбүз", экологиялык сынакка 2- класстан 11-класска чейин өтүп , окуучулар грамота менен сыйланды.

"25 жыл 25 түрдүү көчөт" фото маалыматка роза гүл-80 даана, алма көчөт 8 түрдүү 85 түп питум гүлү-50 даана отургуздук, арыктар тазаланып , дарактар буталды.

Жаратылыш боюнча рефераттарды Рыспай уулу , Акматова Орозгүл жазышты.

"Мектеп – биздин жалпы үйүбүз" аттуу сынакта 2-а класстын кл.жетекчиси Арыкбаева Ж, 3-а кл.жет. Мурзакматова Т, 4-а кл .жет. Ташиева Гүлжамалдар

Сканировано с CamScanner

классты ар түркүн гүлдөр менен жасалгалап , алдынкы орунду ээлеп грамотага ээ болушту .

“ Манас жаштары” уюмунун 25 жылдык маараксесине альбомдор түзүлүп , мурунку мектеп президенттери менен сүйлөшүүлөр болду. Уюмга кабыл алуу аземи өткөрүлдү. “Манас” кошуунга -9, “Семетей” кошуунга – 20, “Сейтек” кошуунга -32 окуучу кабыл алынып, кошуундардын күбөлүгү менен толук камсыздалды жана толтурулду.

“Акыркы коңгуроо жана Бүтүрүүчү -2021” аземи азыркы шартка байланыштуу онлайн түрдө куттуктоолор болду. Окуучулар каникулга таркатылып, ата-энелер менен биргеликте келишим түзүлүп, ата-энелер өз балдарынын коопсуздугун колгоалууну өз жоопкерчилигине алышты.

Жыл жыйынтыгында 2 класс жетекчинин иштери мыктыдеп табылып райондук БЧБнун грамотасына , 4 класс жетекчи Төрт- Көл аймактын жана Айылдык Кеңештин ардак грамоталарына , 3 класс жетекчи мектептин Ардак грамотасына , мектептин МЖУнун иштерин активдүү аткарган 7 окуучуга жана уюмдун бүтүрүүчүлөрүнө Ардак грамоталар берили, 15 жана 30 жылдыкка келген жолугушуучулардын стипендияларына 25 окуучу ээ болушту. 2 окуучу Аскарбаева жана Абжалиловаларга Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн жана Айылдык Кеңештин Ысык-Көлгө путевкаларын беришти .

Жыл жыйынтыгы эң жогорку деңгээлде болду.

Жазган мектептин тарбиялык иштерин уюштуруучусу Солпуева Сабилет

26- май 2021- жыл.

Сканировано с CamScanner